*ОшМУнун ректору К.Г.Кожобековдун*
*№ 3575-ФХД/26 06.07.2026 сандуу*
*Буйругу менен бекитилди*

# Ош мамлекеттик университетинде коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

### 1.1. Жободо жөнгө салуу предмети

Бул Жобо Ош мамлекеттик университетинде (мындан ары – Университет) коррупциялык укук бузуулардын алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу боюнча максаттарды, милдеттерди, принциптерди жана уюштуруучулук негиздерди аныктайт.

### 1.2. Жобонун максаты

Бул Жобонун максаты – Университетте коррупциянын алдын алуу системасын түзүү, академиялык адилеттүүлүктү камсыз кылуу, ачык-айкындуулукту күчөтүү жана билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын тең укуктуулугун сактоо.

### 1.3. Колдонуу чөйрөсү

Бул Жобонун талаптары төмөнкүлөргө жайылтылат:

- университеттин кызматкерлерине;
- профессордук-окутуучулук курамга;
- административдик жана башкаруучу персоналга;
- бардык деңгээлдеги студенттерге;
- университет менен келишимдик негизде кызмат көрсөткөн адамдарга.

### 1.4. Негизги түшүнүктөр

Бул Жободо төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

**Коррупция** – кызматтык абалын мыйзамсыз колдонуу аркылуу материалдык же башка пайда алуу.

**Кызыкчылыктардын кагылышы** – кызматкердин же студенттин жеке кызыкчылыгы анын кызматтык же окуу милдеттерине таасир эткен абал.

**Белек** – акысыз же арзандатылган түрдө берилген акча, мүлк, кызмат же башка артыкчылык.

**Ортомчулук (посредничество)** – акча, белек же башка пайда берүү процессин уюштуруу же өткөрүп берүү менен байланышкан мыйзамсыз аракеттер.

## 2. Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн принциптери

Университетте коррупцияга каршы аракеттенүү төмөнкү принциптерге негизделет:

- мыйзамдуулук;
- ачык-айкындуулук;
- академиялык ак ниеттүүлүк;
- тең укуктуулук;
- жоопкерчиликтин сөзсүздүгү;
- алдын алуу иштерге артыкчылык берүү;
- коррупция тууралуу фактар далилденсе, билдирген адамдарды коргоо;
- кызыкчылыктардын кагылышына жол бербөө.

## 3. Коррупцияга каршы саясаттын негизги багыттары

Университет төмөнкү иштерди жүзөгө ашырат:

- коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо жана жоюу (же азайтуу);
- сатып алуу процесстеринде же университеттин мүлкүн, финансылык каражаттарын пайдаланууда мүмкүн болгон коррупциялык тобокелчиликтерди аныктоо жана жойуу;
- студенттерди кабыл алуу, которуу жана чыгаруу процесстеринин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу;
- билимди баалоонун объективдүүлүгүн камсыз кылуу;
- санариптик башкаруу системаларын киргизүү;
- коррупцияга каршы укуктук маданиятты жогорулатуу;
- ички мониторинг жүргүзүү;
- кайрылууларды кароо.

Өзгөчө көңүл төмөнкү тобокелдиктерге бурулат:

- студенттер тарабынан демилгеленген акча топтоолор;
- окутуучуларга "ыраазычылык" катары акча же белек чогултуу;
- студенттердин ортосунда ортомчу топтордун түзүлүшү;
- жашыруун коррупциялык схемалар.

## 4. Кызматкерлер жана окутуучулар үчүн тыюулар

Университет кызматкерлерине жана окутуучуларына төмөнкүлөр тыюу салынат:

- студенттерден же башка адамдардан акча, белек же пайда алуу;
- баалоо жана экзамендерде негизсиз артыкчылык берүү;
- кызматтык абалды жеке пайда үчүн колдонуу;
- кызыкчылыктардын кагылышы тууралуу маалыматты жашыруу;
- окутуу процессинде объективдүүлүктү бузуу.

## 5. Кызматкерлердин жана окутуучулардын милдеттери

Кызматкерлер жана окутуучулар милдеттүү:

- коррупцияга каршы талаптарды сактоого;
- кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоого;
- коррупцияга аракеттер тууралуу билдирүүгө;
- антикоррупциялык окуулардан өтүүгө;
- башка мыйзам бузууларга жол бербөөгө.

## 6. Студенттер үчүн тыюулар

Студенттерге төмөнкүлөр тыюу салынат:

- окутуучуларга акча, белек же башка пайда сунуштоого;
- ортомчулар аркылуу артыкчылык алууга;
- академиялык баалоого таасир этүү аракеттерине;
- документтерди бурмалоого;
- коррупциялык максатта акча чогултууга катышууга;
- жашыруун топтор аркылуу мыйзамсыз схема түзүүгө.

## 6.6. (ӨЗГӨЧӨ ТЫЮУ)

Студенттерге окутуучулар үчүн “ыраазычылык”, “сый” же башка шылтоо менен акча же белек чогултууну уюштуруу, демилгелөө же катышуу тыюу салынат. Бул төмөнкүлөрдү камтыйт:

- тайпа атынан чогултуу;
- старосталар же активисттер аркылуу чогултуу;
- “ыктыярдуу” деп көрсөтүлгөн чогултуулар;
- ар кандай жашыруун топтук финансылык схемалар.

**6.7.** Студенттердин ортосунда ортомчулук кылып, акча же белек өткөрүп берүү аркылуу материалдык же моралдык пайда алуу катуу тыюу салынат.

## 7. Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу

- Кызматкерлер кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө дароо билдирүүгө милдеттүү;
- Кызыкчылыктар кагылышы аныкталса, чечим кабыл алуудан четтетүү же башка чаралар колдонулат.

## 8. Коррупцияны алдын алуу механизмдери

Университетте төмөнкүлөр ишке ашырылат:

- электрондук баалоо системалары;
- экзамендердин ачык-айкындуулугу;
- кадрларды тандоонун конкурс системасы;
- ички тартип бузууларга дисциплинардык же башка уюштуруучулук чара көрүү максатында анонимдүү же ачык кайрылуу каналдарын колдонуу;

- коррупциялык тобокелдиктерди баалоо;
- ички аудит жана мониторинг.

## 9. Коррупция тууралуу билдирүү тартиби

Ар бир адам төмөнкү түзүмдөргө же органдарга кайрыла алат:

- ректорго;
- коррупцияга каршы ыйгарым укуктуу өкүлгө же комиссияга, ОшМУнун коопсуздук кызматы бөлүмүнө;
- этика комиссиясына;
- электрондук кайрылуу системасы аркылуу;
- укук коргоо органдарына.

Билдирүү жасаган адам куугунтукка алынбайт.

## 10. ОшМУнун коррупцияга каршы комиссиясы коопсуздук кызмат бөлүмү менен биргеликте

- арыздарды карайт;
- ички кызматтык иликтөө жүргүзөт;
- сунуштарды иштеп чыгат;
- коррупциялык тобокелдиктерди талдайт;
- маалымат далилдери менен такталса ректордун макулдугу менен укук коргоо органдарына мыйзамга ылайык өткөрүп берет.

## 11. Антикоррупциялык тарбиялоо

- студенттер жана кызматкерлер үчүн окуулар, жолугушуулар;
- семинарлар жана тренингдер;
- маалыматтык материалдарды жайылтуу.

## 12. Жоопкерчилик

Жобону бузган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана университеттин ички актыларына ылайык жоопкерчилик тартат.

Тиешелүү далилдер менен тастыкталган факттар боюнча колдонулушу мүмкүн болгон чаралар:

- эскертүү;
- сөгүш;
- катуу сөгүш;
- стипендиялык жана конкурстук укуктардан ажыратуу;
- окуудан чыгаруу же иштен бошотуу;
- эмгек келишимди кийинки мөөнөткө узартпоо.

## 12.4. Студенттер үчүн кошумча чаралар

Студент коррупциялык аракетке катышкан же аны уюштурган учурда төмөнкү чаралар колдонулушу мүмкүн:

- эскертүү;
- сөгүш;
- катуу сөгүш;
- конкурстарга, академиялык мобилдүүлүк программаларына, стипендиялык жана башка сыйлоо программаларына катышуу укугунан ажыратуу;
- комиссиянын чечими жана ректордун буйругунун негизинде тартип бузуунун фактысы жөнүндө маалыматты студенттин жеке делосуна каттоо;
- окуудан чыгаруу.

## 13. Корутунду жоболор

- Бул Жобо ректордун буйругу менен бекитилет;
- Өзгөртүүлөр белгиленген тартипте киргизилет;
- Аткарылышы боюнча көзөмөл коррупцияга каршы туруу комиссиянын төрагасына-проректорго жүктөлөт.